| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЧҮЙ ОБЛАСТЫ<br>СОКУЛУК РАЙОНУ<br>ПЕРВОМАЙСКИЙ АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН<br>ПЕРВОМАЙСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|

**ТОКТОМ**
**ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

19-сентябрь 2022ж№ 8/31 Первомайское айылы

**Жергиликтүү Курултайды чакыруу жөнүндө**

"Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 61-беренесин, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 4, 7, 66 жана 71-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Перзидентинин 2022-жылдын 15-августу ПЖ № 284 Жарлыгы менен бекитилген Биринчи Элдик Курултайды ө боюнча уюштуруучу комитетинин 2022-жылдын 9-сентябрындагы №2 чечими менен бекитилген нускаманын негизинде айылдык кеңештин XXVIII-чакырылышы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. 2022-жылдын 5-ноябрында ишемби күнү Сокулук районунун Первомайское айылынын маданият үйүндө биринчи Жергиликтүү Курултай чакырылсын.
2. Первомайский айыл аймак боюнча калктын санына жараша (3535 калк) Жергиликтүү курултайга 40 делегат шайланат.
3. Первомайский айыл аймагы делегаттарды шайлоо боюнча, калктардын санына жараша, төмөндөгүдөй аймактык бөлүктөргө бөлүнсүн:

а) Первомайское айылы - 13 кварталына 2 делегаттан шайлансын,

б) Национальный айылы боюнча Московская көчөсү 3делегат, Садовая көчөсү-2делегат, Ключевая көчөсү-3делегат, Новая көчөсү-2 делегаттан шайлансын,

в) Панфилов айылы – 4 делегат шайлансын

4. Жергиликтүү Курултайды өткөрүү боюнча жумушчу топтун (мындан ары – Жумушчу топ) курамы ушул токтомдун 1-тиркемесине ылайык бекитилсин.
5. Жумушчу топ:

- Биринчи Элдик Курултайды өткөрүү боюнча уюштуруу комитетинин 2022-жылдын 9-сентябрындагы № 2 чечими менен бекитилген “Биринчи Элдик Курултайды даярдоо жана өткөрүү боюнча негизги уюштуруу-практикалык иш-чаралардын

календардык планынын» негизинде белгиленген мөөнөттө иш аткарсын.

6. Первомайский айыл өкмөтү жана Первомайкое айылындагы кварталдык комитеттер Жергиликтүү Курултайды даярдоого жана өткөрүүгө көмөк көрсөтсүн.

7. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

**Төрайым** **З.М. Кочкорова**

1-тиркеме

**Первомайский айыл аймагынын Жергиликтүү Курултайды өткөрүү боюнча жумушчу тобунун**
**КУРАМЫ**

Кочкорова Зимират Маданбековна – айылдык кенештин төрайымы, жумушчу топтун төрайымы;

Джунусалиев Бактыбек – Национальный, Панфилова айылдарынын айыл башчысы, жумушчу топтун катчысы;

Асымбеков Жалил – айылдык кенештин депутат;

Сайидов Азиз – айлдык кенештин депутаты

Жаманкулов Азимжан – аксакалдар соту;

Шейренов Дуйшон – аксакалдар соту;

Гилина Елена – аялдар комитети;

Эртышбаев Адылбек – жаштар комитети;

Мусаев Дастан – жаштар комитети;